**Темасы: “Туруктуу өнүгүүнүн максаты- өлкө ичиндеги социалдык теңсиздик: абалы жана өзгөрүү багыттары”**

**Сатыбалдиева Сүйүмкан**


**Туруктуу өнүгүү максаттары-** бул эл аралык коомчулуктун алдында турган жакынкы 15 жылда теңсиздик менен жакырчылыкты жоюу, дүйнөнү куруу жана глобалдык климаттын өзгөрүшүн токтотуу. Мында биздин жана бизден кийинки урпактардын мыкты шартта жашоосу үчүн бардык керектүү ресурстардын болуусу. Экономикалык өсүштү, социалдык адам баласынын жашоосун жана ден соолукка багытталган глобалдык 3 аспектини өзүнө камтыйт.

Анын ичинен биз бүгүнкү жашообузда Кыргыз Республикасындагы социалдык теңсиздик боюнча бир катар маселелерди карайбыз.

Маселен, Кыргызстандын айылдарында жашаган калк ичинде социалдык теңсиздик маселеси орун алгандыгы байкалып турат. Социалдык теңсиздикти мүлктүк, гендердик, инфраструктуралык, маалыматтык-технологиялык корсөткүчтөр аркылуу кароо негизги максатка ылайыктуу. Дагы бир негизги көрсөткүч катары- бул киреше көлөмү. Калктын материалдык абалын толук чагылдырып берет.

Социалдык теңсиздик биздин коомдун ар түрдүү бөлүктөрүндө: ишкана, мекеме, үй бүлө, кичи жана ири социалдык топтордо байкалат. Өлкөдөгү кырдаал, миграция, калктын социалдык курамы, климаттык шарттардын түрдүүлүгү, жеке менчик мамилелеринин өнүгүшү, мамлекеттин социалдык камсыздоосунун абалы, калктын экономикалык жактан жагдайы да социалдык өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Эгерде калктын жумушсуз катмары көбөйсө, анда жакырчылыктын өнүгүүсүнө алып келет.

Жыйынтыгында, жакыр жашаган калк кирешесинин көпчүлүк бөлүгүн тамак-ашка кетет.







**Сапаттуу билим** **Медициналык жардам** **Мүлк**

**Жашоо шартын жакшыртууга мүмкүнчүлүктөр азаят!**

# Гендердик теңсиздик



Акыркы жылдарда өлкө ичинде гендердик теңсиздик боюнча көптөгөн маселелер козголууда. Гендердик теңчилик дегенде эле биз аял кишинин эле эмес, эркек киши да мүмкүнчүлүктөрүн камтыган фактор катары түшүнүш керек. Маселен, айыл жергесинде көпчүлүк үй бүлөнү киреше жагынан аял киши иштеп камсыздап келет. Тагыраагы гендердик теңсиздик маселеси айыл жергесинде дагы деле өкүм сүрүп келет.

# Негизги маселелер:

Кыргыз Республикасынын инфраструктурасындагы бир катар муктаждыктар экономикалык жана демографиялык өсүшкө жараша болууда. Аймактардагы инфраструктуралык маселелердин сап башында бул чек арадагы чыр-чатактар, билим уяларынын жетишсиздиги, жолдордун начар абалы, транспорттук каттамдардын жакшы өнүкпөгөндүгүн атап айтсак болот.

Муну менен катар эле дагы бир социалдык теңсиздиктин күчөшүнө таасирин тийгизген маселе- бул маалыматтык-технологиялык каражаттар. Заман талабына ылайык жаңы тезнологиялык ачылыштарда көптөгөн биз үчүн билим алып өнүгүү жаатында чоң мүмкүнчүлүктөр ачылды. Аралыктан билим алып, жаңыча деңгээлге чыгуууга, биз дүйнөлүк ааламдашуу процессин көрүүгө мүмкүнчүлүктөр көбөйдү. Бирок, улам технологиялардын тез темпте өнүгүүсү менен айыл жериндеги карапайым калкка жеткиликтүү болбой, көптөгөн кыйынчылыктарды алып келүүдө. Маселен, шаарга салыштырмалуу айыл жергесинин инфраструктурасы начар абалда экени маалым.

- Жалпысынан алганда, социалдык теңсиздик боюнча айыл жергесинде олуттуу маселелер көп  кездешет.

## Социалдык-теңсиздиктин негизгилери:

- **Мүлктүк теңсиздик;**
- **Инфраструктурадагы теңсиздик;**
- **Маалыматтык-технологиядагы теңсиздик;**
- **Миграция;**
- **Билим алуудагы теңсиздик.**



Жыйынтыктап айтканда, биз адам баласы баарыбыз бирдей тең укуктуу болушубуз керек. Айрыкча, Кыргызстан жаштары, келечек муун үчүн мыкты үлгү ала турган, өрнөк тута турган даражада өнүгүшүбүз керек. Талыкпастан, алдыга туура максат коюп, ийгиликтерди жаратып, туура өнүгүүнүн максаттарын өздөштүрсөк, мына ошондо гана биз биримдикте, бирге жаркын келечекти кура алабыз.